КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Isкhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 3-сессиясы**

# ТОКТОМ №13

**23.01. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетине толуктоолорду киргизүү жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги үчүнчү сессиясына сунушталган маселелерди жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы С.Ормоновдун сунушун талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн эсебинде 01.01.2025-жылга карата калган 694,2 миң сом акча каражаты 2025-жылдын бюджетине бекитилсин.

2. Бекитилген 694,2 миң сом акча каражатын №1 тиркемеге ылайык иштетүүгө макулдук берилсин.

3. Атайын эсепте калган 141,4 миң сом акча каражатын №2 тиркемеге ылайык иштетүүгө макулдук берилсин.

4. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетине тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жагы, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы А. Мамасалиевге милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык, ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Араповага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Г.Матажиев**